**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясынын**
**№ 11 - токтому**

**Муниципалдык ишканасына**
**техника алуу жөнүндө**

“Кыз-Көл таза аймак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Жээналиевдин сунушун карап, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Кыз-Көл таза аймак” муниципалдык ишканасы айыл аймагындагы калкка коммуналдык кызматтарды көрсөтүү үчүн жана таштандыларды чыгаруу жана башка чарбалык иштерди жүргүзүү үчүн, айыл аймагындагы инфраструктураны жакшыртуу жана калкка көрсөтүлгөн кызматтарды сапаттуу аткаруу максатында муниципалдык ишканага 1(бир) даана “SHACMAN H3000 Модель SX3255MN324 үлгүсүндө самосвал сатып алуу үчүн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Техникаларды алуу үчүн керектелүүчү документтерди мыйзамдуу даярдоо жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Жээналиевге жүктөлсүн.

3. Акча каражатын бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн СЭӨБсы Б.Байзаковага милдеттендирилсин

4. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**